**УСУБАЛИЕВА Н. А.,**
*КББА*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАЗУУ КЕБИН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ОКУТУУНУН ДИДАКТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕРИНИН РОЛУ

Кыргыз тилин окутууда окуучулардын жазуу кебинин компетенттүүлүгүн калыптандырууда коомдун талабына ылайык инновациялык ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын билим, билгичтигин жогорулатуу зарылдыгы келип чыгууда. Тил боюнча системалуу билим алуу менен азыркы кыргыз тилинин нормаларын сактоого, тилдик материалдарга лингвистикалык анализдерди туура жүргүзүүгө көнүгүшөт. Өз ойлорун туура, так берүүгө машыгышат.

Мисалга, жазуу үчүн колдонулган калем сап азыркы абалына жеткенче, кыйла өзгөрүүнү, өнүгүүнү башынан кечирди. Жазуунун алгачкы башатында куштун канатынын калемчесин пайдаланса, кийин атайын жасалган калемге уч кийгизип пайдаланышкан. Андан соң, сыяны дайыма көтөрүп жүрбөө үчүн поршендүү калемди ойлоп табышкан, бара-бара аны өркүндөтүүнүн натыйжасында учунда шариги бар калем сапты ойлоп чыгарышты. Демек, жөнөкөй эле калем саптын биздин күнгө чейинки тарыхында өнүгүп, өркүндөөнүн натыйжасында канча ойлонууну, эмгектенүүнү талап кылган.

Коомдук өнүгүү зарылчылыгы болбосо, анда калем саптын мынчалаган улам жаңы түрлөрү жасалмак эмес. Ошондуктан, азыркы кыргыз тилин окутууда окуучулардын жазуу кебинин компененттүүлүгүн калыптандырууда инновациялык ыкмалардын жана жаңыча окутуунун принциптерин өздөштүрүүлөрү талапка ылайык болуп эсептелет. Мисалы;

Окутуу – бул окуучуларды билимдерге, билгичтерге, көндүмдөргө ээ кылууга, аларды тарбиялоого жана чыгармачыл инсанды даярдоого багытталган, мугалим менен окуучулардын өз ара биргелешип иштешүүсү болуп саналат. Окутууда окутуунун принциптери да негизги талаптардын бири болуп саналат. Окутуунун принциптери – окутуу процесси сабакты даярдап өткөрүүгө коюлуучу талаптарды туюнта турган алгачкы дидактикалык жоболор. Принциптер мыйзам ченемдүүлүктөргө салыштырмалуу туунду түшүнүк болуп эсептелет. Чындыгында, мугалим сабакты тобокелдикке салып «эч кандай максатсыз» өткөрө албайт. Анткени анын ар бир сабагы окуучуларга сөзсүз пайдалуу, билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандырып, активдүү инсандыкка тарбиялап, өстүрүп, өнүктүрүүчү болууга тийиш. Окутуу процессинде, ошондой эле, окуучулардын жазуу кебин калыптандырууда ар бир сабак дидактикалык принциптерге жооп берүүгө тийиш. Мында окутуунун төмөнкүдөй дидактикалык принциптери орун алат:

***Окуучулардын жазуу кебин калыптандыруудагы дидактикалык принциптер кайсылар?***

| | |
|---|---|
| 1. | Окутуунун илимийлүүлүк принциби |
| 2. | Окутуунун жеткиликтүүлүк принцибине |
| 3. | Окутууну турмуш менен байланыштыруу принциби |
| 4. | Окутуунун системалуулук жана удаалаштык приципиби |
| 5. | Окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусун стимулдаштыруу принциби |
| 6. | Окутуунун аң-сезимдүүлүк принциби |
| 7. | Окутуудагы билимдердин бекемдик принциби |
| 8. | Сабакты окутуунун фронталдык - жалпы класстык, группалык жана жекече формаларын оптималдуу айкалыштырып пайдалануу принциби |
| 9. | Окутуунун көрсөтмөлүүлүк принциби |
| 10. | Окутуу процессинин оптималдуулук принциби |

Төмөндө бул аталган принциптердин ар бирине кыскача токтолобуз:

***1. Окутуунун илимий негиздери принцибине*** ылайык сабакта окуучуларга илимий такталган гана маалыматтар берилүүгө тийиш. Жазыла турган фактылардын, кубулуштардын, закондордун, эрежелердин тактыгы, алардын илим менен техниканын эң жаңы жетишкендиктерине туура келеби; - жазылып жаткан материал боюнча чыгарылган корутундулардын негизделиши, далилдениши; - программанын ар бир суроосун жалпы теориялык жана жалпы илимий идеялык позицияда карап чыгуу; - сабактын бардык этаптарында теманын мазмунундагы эң негизги суроолорго бөтөнчө көңүл буруу менен окуучуларда жалпыланган билим, билгичтик жана көндүмдөрдү калыптандыруу маселелери толук аткарылууга тийиш. Бул принципке ылайык бир дагы окуучунун оозеки же жазуу жүзүндөгү жоопторунда кетирилүүчү каталыктар эч убакта мугалимдин көз жаздымында калбоого тийиш.

***2. Окутуунун жеткиликтүүлүк принцибине*** ылайык: - жазылып үйрөнүлүүчү материалдын татаалдыгын жана класстагы окуучулардын даярдык деңгээлин эске алуу менен билимдерди туура тандап алуу; - жаңы материалды өздөштүрүүгө керектүү убакытты оптималдуу бөлүштүрүү; - татаал нерселерди да жөнөкөй, түшүнүктүү, жеткиликтүү кылып айтып берүү жана аны жаздыруу; - «жеңилден оорго», «жакындан алыска», «жөнөкөйдөн татаалга» карай деген эрежелерди колдонуу талап кылынат. Көбүнчө жазуу жумуштары жүргүзүлүшү керек. Канчалык жазуу жумуштары көп аткарылса ошончолук окуучулардын – инсандар аралык интеллект жана ички инсандык интеллекттин калыптануусунун башаты болуп эсептелет.

***3. Окутууну турмуш менен байланыштыруу принциби*** – үйрөнүлүүчү жаңы материалды мүмкүн болушунча окуучулардын турмуштук тажрыйбасынан, аларды курчап турган айлана - чөйрөдөгү кубулуштардан, алынган мисалдар менен конкреттештирүүнү, практикалык маселелерди чыгарууну талап кылат. Бул принципке ылайык коомдук турмушта болуп жаткандарды жаап жашырбастан чындыкты айтуу жана жазуу, жалаң жетишкендиктер жөнүндөгү фактыларды келтирүү менен гана чектелбестен, болуп жаткан ар кандай көрүнүштөрдү да талдап, алардын себептерин түшүндүрүү, ар кандай маселелер боюнча окуучулар тарабынан берилүүчү суроолордон баш тартпастан, аларга сөзсүз ачык жана толук жооп берүү талап кылынат. Устат мугалимдер, тескерисинче, мындай суроолорду бүткүл окуучулардын сабакка кызыгууларын жандандыруу үчүн пайдаланып иштейт. Албетте, аны үчүн мугалим тажрыйбалуу болууга тийиш.

***4. Окутуунун системалуулук жана удаалаштык прициби*** – ар бир иште логикалык байланыштуулуктун болушу зарыл. Демек, жазуу маданиятына окутууда эч убакта баш аламандыкка жол берилбестен, сөзсүз ага чейинки өтүлгөн материалдын логикалык уландысы болууга тийиш, ошондо гана окуучу жаңы материалды сезимталдуу түшүнүп өздөштүрүү үчүн өзүнүн буга чейинки билгендерин таяныч катары пайдалана алат. Бул талаптын аткарылышын камсыз кылуу үчүн мугалим предметтердин ички жана предметтер аралык, тышкы байланыштарды ишке ашырышы керек.

***5. Окуучулардын билим алууга болгон кызыгуусун стимулдаштыруу принциби.*** Бул принципке ылайык окуучуларды жазуу иштерине, сабакка кызыктыруу зарыл. Аны үчүн окуу жана жазуу учурунда, материалга байланышкан кызыктуу мисалдарды, окуучулардын өз турмушунан жана алардын тажрыйбасынан фактыларды пайдалануу талап кылынат. Кээ бир учурда мугалимдин сабагы бир өңчөй, кызыксыз мүнөздө өтүшү мүмкүн.

***6. Окутуунун аң-сезимдүүлүк принциби***. Окуучулар окуу материалын формалдуу эмес ан-сезимдүү кабылдап өздөштүрүүлөрү зарыл. Андыктан окуу процессине, сабактын бардык этабына активдүү катышуулары керек. Буга жетишүү үчүн ар бир окуучу өз алдынча жазып, эмгектенүүгө туура келет. Демек; сезимталдуулук болсун үчүн окуучуларда активдүүлүк керек. Ал эми активдүүлүк болсун үчүн өз алдынча эмгектенүү керек. Сезимталдуулук – активдүүлүк – өз алдынча иштеп эмгектенүү сезимталдуулук принцибине ылайык мугалим окуу материалын окуучуларга багыттоо түрүндө бериши

керек. Окуучулар болсо ал багытталган материалды колдонуу менен тим болбоого тийиш. Тескерисинче, алардын бардык өздөштүргөндөрү өздөрүнүн мугалим менен биргелешип эмгектенүүлөрүнүн натыйжасы болуусу талап кылынат.

***7. Окутуудагы билимдердин бекемдик принциби.*** Окутууда формалдуулукка жол берилбөөгө тийиш. Ал үчүн окулуп өтүлгөн билим, билгичтик, көндүмдөрдүн окуучулар тарабынан колдонулуп турушун текшерип туруу талап кылынат. Бул максатта өтүлгөн материалды окуучулардан кайталап сурап туруу менен жазуу иштерди тез-тез өткөрүп, тесттик тапшырмаларды пайдаланып туруу талап кылынат.

***8. Сабакты окутуунун фронталдык - жалпы класстык, группалык жана жекече формаларын оптималдуу айкалыштырып пайдалануу принциби***. Бул принципке ылайык сабакта окуучуларга дифференциалдуу - жекече айырмачылыктарын эске алуу менен мүнөздөлүүчү окуу тарбиялык процессти ишке ашыруу менен мамиле жасоо ыкмаларын колдонуу талап кылынат.

***9. Окутуунун көрсөтмөлүүлүк принциби*** – окуу материалынын окуучуларга жеткиликтүү болуусун камсыз кылууну жана алардын окуу иштерин жеңилдетүүнү талап кылат. Андыктан мугалим сабактын ар кандай этаптарында тийиштүү моделдерди, макеттерди, плакаттарды, сүрөттөрдү, схемаларды, таблицаларды, техникалык каражаттарды пайдаланат. Бирок, окутуудагы көрсөтмөлүүлүктүн оң жана терс жактары бар экендигин эске алуу зарыл. Мисалы, ашыкча көрсөтмөлүүлүктүн пайдасы жок. Ал зыяндуу. Анткени ал окуучулардын логикалык, абстрактуу ойлоосунун өнүгүшүнө тоскоол болот. Ошондуктан мугалим жазууга үйрөтүүдө көрсөтмөлүүлүктү колдонуунун оптималдуу вариантын табууга тийиш.

***10. Окутуу процессинин оптималдуулук принциби*** - берилген шартта мугалимдин да, окуучулардын да зарыл болгон аз убакыт жана аз күч жумшоолору менен окуучуларга билим, билгичтик, тарбия берип өнүктүрүү боюнча мүмкүн болгон максималдуу натыйжаны камсыз кылгыдай окутуунун вариантын сезимдүү тандап алуусу керек.

Дидактикалык принциптерге ылайык, «окуу дискуссиясы жана жазуу маданиятына үйрөтүү – билим - билгичтик процессинде окуучулар менен иштөөнүн бир формасы, логикалык- аналитикалык ой- жүгүртүүнү өстүрүүнүн таасирдүү ыкмасы саналат».

Дидактикалык принциптерге ылайык «Билим берүүнү, окутуу процессин гумандаштыруунун, демократиялаштыруунун шарттарында, инсанга багыттап окутуу моделинин ишке киргизилип жатышынын кырдаалында окуу дискуссиясы өзгөчө актуалдуулукка ээ болот. Бүгүнкү окутуунун жаңы модели боюнча окуучу - бул барыдан мурда билим берүү процессинин субъектиси. Демек, окуу-тарбия процессинде окуучунун өзүнүн индивидуалдуу ишмердигине чоң маани берилет. Бул жерде башкы нерсе – окуучунун субъективдүү активдүүлүгү, илим-билимге өз алдынча, өз акылы менен мамиле кылышы, өзүнүн ишенимин өз аракет- мээнети менен түзүшү, окуу материалын өзүнүн көз карашы менен талкуулап түшүнүшү, окуу милдеттерин чечүүдө өз күч-кубатын өз алдынча мобилизациялашы. Ушундай ички активдүүлүктү жана окуучунун аналитикалык-логикалык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүдө- окуу дискуссиясы, талаш-тартыш, диспут, диалог, «мээ чабуулу» жана башка формаларда чоң роль ойнойт. Өз акыл-эси, сезим-туюму менен издеп тапкан нерсе гана окуучуга ийгиликтерди алып келе алат. Окуу дискуссиясы окуучунун өз ой- жүгүртүүлөрүнүн жана ой- толгоолорунун, окуу материалына чыгармачылык менен мамиле жасоонун жардамы менен ишке ашат. Окуу дискуссиясы жана жазуу маданиятына үйрөтүү ар тараптан терең ойлонуп уюштуруу маанилүү жана окутууну уюштуруунун бул түрүндө мугалимдин чебер жетекчилиги чоң роль ойнойт». Ошондой эле окуу кызматташтыгы да негизги илимий усул – ыкмалардан болуп саналат.

Жазуу маданиятына үйрөтүүдө мугалим менен окуучунун ортосундагы окуу кызматташтыгы туралуу бир канча окумуштуулардын ар кандай усулдук ыкмалары колдонулган.

Дидактикалык принциптерге ылайык «окуу кызматташтыгы – XX кылымдын 60–70-жылдары пайда болгон илимий-педагогикалык түшүнүк, дидактика илиминдеги салтка айланган усул-ыкмалардан айырмаланган окутуунун продуктивдүү кызматташтык жолу». Жазуу маданиятына үйрөтүүдө мугалим менен окуучунун ортосундагы окуу кызматташтыгынын калыптанышында окумуштуу А. Г. Ривиндин корниндик методунун ролу чоң. А.Г.Ривиндин методунда бир класста 10 жаштан 16 жашка чейинки окуучулар чогуу окушкан. Ал эми жуптан башкача айтканда экиден аз гана тайпаларда иштешкен. Окуудагы өнөктөштүк бирдей мүнөзгө ээ болгон эмес.

Натыйжада, ар бир окуучу өз тайпасынын бардык мүчөлөрү менен кезектешип иштөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Өнөктөшүп иштөөдө окуучу башка бирөөгө түшүндүрүп, көрсөтүп жатып, өзү дагы жаңы билимге, же болбосо жаңы билгичтикке толук өлчөмдө ээ болгон. Жаңы билимге чейин окутулган метод - «К.В.Дьяченконун окуусу» деп аталат.

Жазуу маданиятына үйрөтүүдө мугалим менен окуучунун ортосундагы окуу кызматташтыгында окутуу процесси ар дайым баланын өзүнөн жашы улуу адам менен кызматташуу формасында ишке ашат. Анткени, кимдир бирөөнүн жетекчилигинин астында, бирөөнүн жардамы менен ар дайым өз алдынча аракеттенгенге караганда кызматташтыкта болгон өспүрүм күчтүү да, акылдуу да болот. «Ал өзү чечүүчү кыйынчылыктардын деңгээли боюнча кыйла жогору көтөрүлөт» – деп белгилейт окумуштуу Л.С.Выготский.

Себеби өспүрүм тышкы таасирден эмес, өз алдынча жетилет жана бул процесс ашкере жекече мүнөзгө ээ болот. Ошондуктан окутуу ишинде бала «өзүнө зарыл каражаттарды айлана-чөйрөдөн алуусу үчүн» мугалим жаңы материалдык каражаттарды ар кандай эркин тексттерди, окуу карточкаларын, үйрөтүүчү ленталардын түрлөрүн түзүп бериши керек – дейт С.Френе.

Мындайда көп нерсе педагогдун тапшырманы аткарууда окуучусуз ага кыйын болорун ишендире билүү билгичтигине көз каранды. Окуу кызматташтыгына сабактардын милдеттери менен жыйынтыктарынын балдар менен биргеликте чечилиши, балдардын окуу аракеттеринин жол-жоболорун мугалимге ак ниеттүү эскертүүсү, тапшырмаларды жана өзүнө зарыл маалыматтарды тандоосу мүнөздүү болот.

Демек, окуучулардын жазуу кебин калыптандырууда жаңыча окутуунун же инновациялык ыкмалардын колдонулушу аркылуу кыргыз тилин окутууда жаңыча мамилени – тил, кеп, кырдаал, кеп ишмердүүлүгүнө, тил маданиятына, оозеки жана жазуу маданиятынын жана тексттин аспектисинде жогорку деңгээлдеги жазуу жана сүйлөө маданиятына жетишүүнү камсыз кылат.

Кыргыз тилин лексикалык, грамматикалык темалардын, эрежелердин топтому эмес, окуучу өз эне тилинде өз оюн эркин жазуу, так, орундуу, маданияттуу, негиздүү сүйлөй алуу, жазуу көндүмдөрүн, зарыл коммуникативдик ыкмаларын калыптандыра турган предмет катары кароо зарыл.

**Адабияттар**

1.Кыргыз педагогикасы. Ү. Асанов, И. Бекбоев Бишкек – 2007.

2. Лернер И.Я., Скаткин М. Мектептин педагогикасы. - Москва, 1977.

3. Муратов А. Окутуунун технологиялары деген эмне? // Кутбилим.- 2005.- 4-март.- 3 -б.

4. Педагогикалык изденүү (Ш.А.Амонашвили, С.Н.Лысенкова,
И.П.Волков ж.б.: ред.И.Н.Баженова).- Ф.: Мектеп, 1989.

5. Рахимова М.Р., Абдыкеримова М.А., Курбанова Н.У. Педагогиканын теориясы, системасы жана технологиясы.- Бишкек:ЖЧК Атлантикс, 2005.

6. Асанова Ж. Студенттерди педагогдун кесибине үйрөтүүнүн теориялык-практикалык негиздери. - Бишкек: Учкун, 2000.

7. В.И.Мусаева Кыргыз тилин компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. Б.: 2014.
8. Алгазина Н.Н.Предупреждение орфографических ошибок. Москва -1965 г.
9. Плужник И.Л. Формирование межкультурной коммуникативной компетенции студентов в процессе профессиональной подготовки / Текст / И.Л.Плужник. – М.: 2003,12с.